| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ**<br><br>**ОРГОЧОР АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН**<br><br>**МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА ОРГОЧОР** |

**ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИНИН
I- ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН №20- КЕЗЕКТЕГИ СЕССИЯСЫ**

# ТОКТОМ

2026-жылдын 30-июлу №142 Оргочор айылы

**Оргочор айыл өкмөтүнүн алдындагы “МТАА Агро МТС” муниципалдык ишканасынын техникаларынын тарифин бекитүү жөнүндөгү 2026-жылдын 08-апрелиндеги №124 токтомго өзгөртүү кийирүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесине ылайык, ошондой эле айыл чарба өсүмдүктөрүн жыйнап алуу өнөктүгүн натыйжалуу уюштуруу, калкка сапаттуу жана арзан кызмат көрсөтүү максатында, Оргочор жергиликтүү кеңеши токтом кылат:

1. Оргочор айыл өкмөтүнүн алдындагы “МТАА Агро МТС” муниципалдык ишканасынын техникаларынын тарифин бекитүү жөнүндөгү 2026-жылдын 08-апрелиндеги №124 токтомунун 1-пунктундагы “Оргочор айыл өкмөтүнүн алдындагы “МТАА Агро МТС” муниципалдык ишкананын техникаларынын тарифи, алыскы-жакынкы жайыт акылары жана тартиби, корук маселеси боюнча элдик жыйындарда талкууланып төмөндөгүдөй баада бекитилсин” -деген пункту менен бекитилген таблицанын 9- номерине төмөндөгүдөй өзгөртүү киргизилсин:

| № | Аталышы | баасы | ГСМ (литр) |
|---|---|---|---|
| 9 | комбайн | **“1800 айылдыкы 2000 сырткаркыларга”**-деген сөз<br>1 гектар жерге 2500 сом деп. | 25 литр (дыйкан тарабынан куюлат) |

2. Оргочор айыл өкмөтүнүн башчысына жана “МТАА Агро МТС” Муниципалдык ишкананын жетекчисине:
   - Айыл аймагынын тургундарына бекитилген тариф боюнча комбайндын кызматын кезеги менен, өз убагында көрсөтүүнү уюштуруу;
   - Кызмат көрсөтүүдөн түшкөн каражаттарды бекитилген тартипте кассага же атайын банктык эсепке өз убагында чегерүүнү камсыз кылуу;
3. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин расмий веб сайтына жарыялоого тиешелүү электрондук иш кагаздарын жиберүүгө жана юстиция органына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн иш кагаздарын алып баруу жагы жергиликтүү кенешинин жооптуу катчысы Э.Тариеловага тапшырылсын.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы финансы пландоо, бюджеттин аткарылышын жана сырттан келген инвестицияны көзөмөлдөө маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Тыныбеков**